# Кызыл топучан кыз



Автор: Нурайым Шаршенбаева

Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

# Кызыл топучан кыз

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кызыл топучан кыз" (кыргыз тилинде), автор Нурайым Шаршенбаева, сүрөтчү Айзуура Бакалова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Балдар, жакында театр жумалыгы өтөт. Канчалык эртелеп даярдансак, ийгиликке жетүүгө ошончолук көбүрөөк мүмкүнчүлүк алабыз, – деди эже.

– Менде сунуш бар, – деди Салкын дароо.

– Оо! Кана, айтчы, балким сунушуң баарыбызга жагып калат, – деди эже.

– Жылда жомокту өзүбүз аткарчубуз. Быйыл спектаклди куурчактар менен даярдасакпы деп ойлогом.

Балдар Салкындын сунушун таң калуу менен кабыл алышты.

– Куурчакты кайдан тапмак элек?

– Аларды жасаганды билбейбиз да!

– Мен куурчак жасаганды билем. Ким кааласа, үйрөтөм, – деди Салкын

– Балдар, Салкындын сунушу абдан жакшы. Эртеңкиге чейин ойлонуп келгиле. Эгер макул болсоңор, сабактан кийин, куурчак жасаганды үйрөнө баштайлы, – деди эже.

Салкын эртеси мектепке эки куурчак ала келди. Бири коён, экинчиси күрөң аюу экен.

– Аи-ий! Ушуларды өзүң жасадыңбы?!

– Кантип жасадың?

– Абдан сонун экен!

Балдар Салкындын куурчактарын кызыгуу менен көрүп жатышты.

– Ооба, өзүм жасагам, – деди Салкын сыймыктана. – Бир караганда оор сезилгени менен, андай деле кыйын эмес. Өтө көп деле убакыт кетпейт. Мисалы, коёнго ак кездеме, күрмөсүнө кызыл кездеме кетти. Ал эми аюуга күрөң түстөгү түктүү байпак менен көк кездеме керек болду. Калган керектелүүчү буюмдар окшош эле. Кайчы, карандаш, кагаз, ийне-жип, кооз шуру-топчулар, синтепон, клей керек болот.



– Анда, алгач кайсы жомокту ойнорубузду сүйлөшүп алалы. Кимде кандай сунуш бар? – деди эже.

– Буратино!

– Дюймовочка!

– Көмөч нан!

– Золушка!

– Түлкү менен турна!...

Балдар өздөрүнө жаккан жомокторду айта башташты.

– Азаматсыңар, балдар! Бирок жомоктогу каармандарды кантип жасайбыз, ошону да ойлонолу! Кандай кылып жасалгалайбыз, ал да маанилүү, – деди эже.

Балдар ойлонуп калышты.

– Эже, Шарль Перронун “Кызыл топучан кыз” атттуу жомогун ойнобойлубу? Канча каарман болорун, кантип жасай турганыбыз тууралуу ойлонуп койгом! – деди Салкын.

– Сунушуң жакшы. Кана, ойлоруң менен бөлүшчү, – деди эже.

– Каармандар – Кызыл топучан кыз, чоң апасы, карышкыр, эки токойчу.

– Декорацияны да унутпайлы. Чоң апасынын үйүн, бак-дарактарды да жасашыбыз керек болот, – деди Жеңиш.

– Пирожки да жасаш керек! – деди Артур.

– Пирожкиден көбүрөөк жасайлы, – деди Гүлай тамашалай.

– Ооба да! Спектаклден кийин, өзүбүз жеп алабыз!

Балдар күлүп калышты.



– Анда, эмне материалдар керек экенин тактап, эртең ала келели. Сабактан кийин баарыбыз куурчактарды жасай баштайбыз! – деди Салкын.

– Менин карышкыр жасаганга ылайыктуу түктүү боз байпагым бар! – деди Султан күлүп.


– Түктүү байпагың карышкыр жасаганга жарабайт. Карышкыр аюуга окшоп жүнү кыска болбойт! – деди Салкын.

– Апам кечээ эле эски тонду кесип жылуу болот деп төшөк курап жаткан. Ошондон кестирип келсем болобу? – деди Калыс.

– Балдар, кимде эмне бар болсо, үйгө барганда карап, ата-энеңерден сурап алып келе бергиле. Бул жерден ылайыкташтырып алабыз! – деди эже.

Эртеси балдар ала келишкен материалдарды ортого чогултушту да, куурчактарды жасаш үчүн алты командага бөлүнүштү. Беш команда беш каарманды, ал эми алтынчысы токойду жана башка декорацияларды жасамай болушту. Алардын ар бирине Салкын үйрөтүп жатты. Алгач куурчактардын тулку боюн, башын кагазга тартып түшүрүп алышты. Тартылган сүрөттү лекало катары колдонуп, кездемелерди бычышты.

Куурчактардын башын синтепон менен толтуруп, тулку боюн кол кап сыяктуу тигип бириктиришти.


ЛЕКАЛО

Кызыл топучан кызга сары жиптен клей менен чаптап чач жасашты, көк шурудан көзүн кадашты.

Кашын күрөң, оозун кызыл жип менен саймалап тигип чыгышты. Башына кызыл чүпүрөктөн топу тигип, кийгизип коюшту.

Ал эми карышкырга Калыс ала келген кездеме жарап кетти. Токойчулардын жылтырак кагаздан жасалган балталары укмуш жарашты.

Чоң апанын баш кийимин карышкырга кийгизип, бир сыйра күлүп да алышты. Ошентип куурчактар да даяр болду.

– Куурчактарыбыз сонун болду, ээ? – деп баары кубанышты.

Баарынан да мындай куурчактардын тулку бою мээлей сыяктуу кийилип, кол менен башкарышка оңой болот экен.

– Азаматсыңар, балдар! Куурчактарды абдан сонун жасадыңар. Эми, ким кайсы каарманды ойнойт, тандашыбыз керек. – деди эже. –Анан бирөөңөр автордун сөзүн айтып турушуңар керек болот.

– Эже, мен кыздын ролун аткарайынбы? – деди Айгүл.

– Мен деле ойногум келип жаткан! – деди Сезим.

– А мен карышкыр болгум келет! – деди Жеңиш.

– Балдар! Менде сунуш бар! Баарыбыз эле ойногубуз келип жатат. Ошол үчүн ар кимибиз  каалаган ролго даярданып, ойноп көрсөтөбүз. Ким эң жакшы аткарса, ролду ошого беребиз. Таарыныч жок! – деди Жеңиш.

Анын сунушуна баары макул болушту.



Ошентип театр жумалыгына даярдануу абдан кызуу жүрүп жатты. Роль бөлүштүрүү да калыс өттү. Карышкырдын ролун көп сүйлөбөгөн, түнт Мирбек жеңип алганда классташтар бир чети таң калышса, бир чети абдан кубанышты.

Ал эми Кызыл топучан кыздын ролу тыкылдаган Гүлнурга тийди. Чоң апанын ролун Артурдун жеңип алганы классташтар үчүн күлкүлүү болсо, Артур үчүн сыймык болду. Анткени анын актёр болом деген кыялы бар. Ал эми токойчулардын ролу Акыл менен Капарга тийди.

Автордун сөзүн Салкын окумай болду.

– Эртең биздин спектакль ойнолот. Үйүңөрдөн дагы жакшылап даярданып келгиле, – деди эже.

– Жарайт! – дешти баары.

– Гүлнур! Сен баарыбызга пирожки алып келгенди унутпа! – деди баягы эле тамашакөй Артур.


– Эмнеге мен? – деди Гүлнур таң калып.

– Анткени, сен Кызыл топучан кызсың да! Жомокто пирожкини кыздын апасы жасаган.

Бардыгы күлүп, Артурду кубатташты.

“Кызыл топучан кыз” жомогу көрүүчүлөргө абдан жагып, алдыңкы орунду жеңип алышты.

Балдарга куурчак жасоо, жомокту сахналаштыруу аябай жакты.



Эми балдар дагы башка кызыктуу жомокторду даярдап, бала-бакчаларга, башка мектептерге да көрсөтүүнү алдына максат кылып коюшту.

Жеңиш – режиссер, Салкын куурчак жасаганга жооптуу болду.

Балдар кийинкиде кайсы жомок боюнча спектаклди даярдайбыз деп ойлонуп калышты...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли